720016, Бишкек ш., Кожомкулов к., 8
Тел: 0 (779) 24-16-68 www.db.kg
kasmambet@yahoo.com, jolsafety@gmail.com
Facebook: Jol Koopsuzdugu, Жол коопсуздугу. Кыргызстан

**ПРЕСС-РЕЛИЗ**

**Бишкекте БУУнун жол коопсуздугу боюнча Жумалыгы белгиленет**
**“Өмүрдү сакта: ылдамдыкты азайт”**

2017-жылы 8-майдан 14-майга чейин жол коопсуздугу боюнча ылдамдыкты сактоо темасында, ылдамдыкты азайт деген чакырыктын астында БУУнун Төртүнчү глобалдык жумалыгы өткөрүлөт. Бул Жумалыктагы иш чаралардын максаты мамлекеттик институттарды жана коомчулукту ылдамдыкка байланыштуу көйгөйгө буруу жана кырдаалды өзгөртүүгө чара көрүүгө чакырык таштоо.

Ылдамдыкты жогорулатуу көйгөйү жол кырсыктарынын башкы факторлорунун бири болуп саналат, **ар бир экинчи айдоочу режимдеги белгиленген ылдамдыкты сактабайт, ар бир үчүнчү жол кырсыгы мына ушул себептен улам келип чыгат.**

Жыл сайын жол-транспорт окуяларынан 1 миллион 250 миң адам каза табат. 50 миллионго жакын адам жаракат алат. Кыргызстанда жыл сайын 1000дей адам каза болот. Эгер бул санды бир жылга бөлсөң, анда күн сайын жолдо 2-3 адам каза болот.

Көйгөйдү чечүү көптөгөн факторлорго байланыштуу: тиешелүү мыйзамдарды кабыл алуу, аларды сактоону камсыз кылуу, коопсуз жол инфраструктурасын, коопсуз жол каражаттарын камсыздоо. Ошону менен бирге ылдамдыкты жогорулатууга карата тиешелүү мамиле жасоодо коомчулуктун, жол кыймылынын ар бир катышуучусунун аракеттери абдан маанилүү.

БУУнун глобалдык жумалыгын «Жол коопсуздугу» коомдук бирикмеси үчүнчү жолу белгилейт. Бул жылы иш чара төмөнкү уюмдардын колдоосу астында өтөт: «EASST», Кыргызстандагы Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо коомунун өкүлчүлүгү, КР ИИМ МЖПМ, “Роуд стар” автомектеби, Автомектептер ассоциациясы, Велосипедчендердин ассоциациясы,  “Автогид” газетасы

Иш чаралардын планы тиркелет.